DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-231-235
УДК: 81-1

***Алпаизова Б. С.,*** *PhD, докторант*
*busadatalpaizova@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-4080-5913*
*ОшМУ, Ош ш., Кыргызстан*

## АРСТАНБЕК АКЫНДЫН ЫР САПТАРЫНДАГЫ МЕМУАРЛАР

*Макалада кыргыз элинин булбул акыны деп атоого татыктуу төкмө акын Арстанбектин өзүнүн чыгармалары, ырлары тууралуу эскерме, баяндары серептөөгө алынды. Төкмө акындар басып өткөн өмүр жолу, чыгармачылык калыптануу мезгили, замандаш, өнөрпоз курбулары же ошол учурдагы коомдук тарыхый кырдаал, түрдүү окуяларга карата өз баасын берип, пикирин билдирген чыгармаларды жаратуу менен өз чыгармачылыгын калыптандырышкан. Акындар өз доорунун үнү, жүзү болгон, көпчүлүк учурларда акындардын берген баасы элдин пикири менен баасын туюндурган.*

*Арстанбек акындын ырлары абдан бай мазмунга ээ, алар өткөн доор, андагы эл турмушу, коомдогу эл башынан өткөн окуялар, замандаш ырчылар тууралуу маалыматтарды чагылдырып бере алат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *өмүр, акын, адабият, кыргыз, адам, эл, талант, эскерүү, ыр, чыгарма.*

***Алпаизова Б. С.,*** *PhD докторант*
*busadatalpaizova@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-4080-5913*
*ОшГУ, г. Ош, Кыргызстан*

## МЕМУАРЫ В СТИХАХ ПОЭТА АРСТАНБЕКА

*В статье даётся обзор воспоминаний о произведениях, стихах поэта-импровизатора Арстанбека, которого можно назвать соловьем кыргызского народа. Поэты-импровизаторы создавали свое творчество, в котором отражали свой жизненный путь, период творческого становления, часто писали и о современниках своего времени, которые играли какое-то значение в их жизни или творчестве, коллегах художниках, а также отражали социальную, историческую ситуацию того периода. Поэты всегда являются рупором своего времени, они высказали не только свое мнение, но часто под их оценкой и мнением выражалась народное мнение и оценка, давали оценку самым различным событиям своего времени.*

*Поэзия Арстанбека богата, она многогранно раскрывает прошлую эпоху, жизнь, чаяния нашего народа, исторические события того времени, а также затрагивает творчество современников-певцов.*

***Ключевые слова****: жизнь, поэт, литература, кыргыз, человек, народ, талант, воспоминания, песня, произведение.*

***Alpaizova B. S.,*** *doctoral students, senior instructor*
*busadatalpaizova@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-4080-5913*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

## MEMOIRS IN VERSE BY THE POET ARSTANBEK

*The article gives an overview of memories of the works, poems of the poet-improviser Arstanbek, who can be called the nightingale of the Kyrgyz people. Poets-improvisers created their works, in which they reflected their life path, period of creative formation, often wrote about contemporaries of their time, who played some importance in their life or work, fellow artists, and also reflected the social and historical situation of that period. Poets are always the mouthpiece of*

*their time, they expressed not only their opinion, but often under their assessment and opinion expressed popular opinion and evaluation, gave an assessment of the most different events of their time.*

*Arstanbek's poetry is rich, it reveals the past epoch, our people's life, aspirations, historical events of that time in a multifaceted way, and also touches upon the work of his contemporaries-poets.*

***Key words:*** *Life, poet, literature, Kyrgyz, person, people, talent, memory, song, work inspiration, reveals,*

“Уккан адам умсунган, тилим бир шыңгыр жылаажын”, “а дүнүйө кеткенде менин сөзүм ким табар, комузумду ким чалар”, “акын өлсө не калар, ырдалбаган ыр калар, чертилбеген күү калар” деп “Керээзинде” арман кылган айтылуу булбул акын Арстанбектин тилеги эки кылым өткөн соң, эгемендүүлүк жылдары жүзөгө ашты десек болот. Адатта, акындардын замандаштары, шакирттери маалымат берип, эскерүү ырларын жаратышса, Арстанбек өзү тууралуу ыр саптарында эчак эле айтып койгондой.

“Далайлардан бата алдым, булбул ырчы аталдым, Коконго барып жашымда ордо хандын мыктысын бирден терип ырдадым, кыйлаларын сындадым, Сарт аке менен беттешип, комузда күү чертишип, аш-тойду өзүм бийледим, албан түрдүү сүйлөдүм, ар жакшыдан ат алдым, булбул ырчы аталдым, калктын сөзүн тыңдадым, карөзгөйдү сындадым, журт ичинде ырдадым, журт жакшысын сындадым, Музооке менен муңдаштым, Сейилкан менен чертиштим, Каркыраны жайладым, казакка барып ырдадым, Тезек төрө алдында замананы зарладым, экейден чыккан Сүйүмбай, айтса сөзү куюндай, аны менен айтыштым, Каңтарбайды каңтардым, калк ичинде аңтардым”, - деген ыр саптары акындын өзүнө өзү тургузган эстелиги сыяктуу.

Арстанбек ырчы – өз доорунун залкары. “Көп ырчыны көргөмүн, койго тийген бөрүдөй, алды артынан бөлгөмүн”, - деп акын өз ырында айткандай, ар акын менен айтышка түшүп, “алдыма киши чыкпады, ырчынын баары ыктады, жашымдан ырчы атыктым, ат үстүндө катыктым, бет алып ырчы чыккан жок” деген саптарынан акындын даана, таамай, курч ырдаган мыкты акын болгондугун билебиз.

Акынды көрүп, талантына күбө болгон Талип молдо аны мындайча мүнөздөгөн экен: “Мен келсем, эл үйдүн ичи-тышын бербей толуп чыгып кеткен экен. Отургандар Арстанбекти “Мырзам, тамашаңызды сала отуруңуз”, - деп жаалап сурап калышты.

“Арстанбек “Тар заман” деген ырын баштады. Кары, жаш дебей отургандардын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткырып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей, тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып, уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан тийген күндүн илебиндей ыры менен элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди. Жыйылган эл Арстанбекти угуп отура берип, өрүштөгү малы эстеринен чыгып кетсе керек, Арстанбек ырын токтотуп, “Кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла”, - деген кезде гана эстерине келип, ырга маашыр болгон эл кынжылып зорго тароого бет алды.

Мурун далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок” [3, 146-б.].

Акындын өмүр жолуна, тагдыр сапарына баам салган окурман анын “бактысы бүтүн”, “күлкүсү шаңдуу” болбогон балалыгы, көр турмуш өзү курчутканын билет. Бийдин уулу болсо да салбар катындан туулган, балалыгы кул, жалчылар менен мал артынан өткөн, өз киндигин өзү кескен, чыгармачылыкка бала күнүнөн аттанган, түшү аян берген, алгач Анжиянда атактуулукка жетишип, атасы баш болгон бугу уруусу атагы чыккан соң кубанып, сыймыктанып жорго мингизип, Анжияндан тосуп алышканына күбө болот. Арстанбектин санат ырларынан байкалгандай, мал жакшысы

деп эти жагымдуу, сүтү пайдалуу деп эчкини, ичип алса, суусун, курсакка тамак гүлазык арпа жарманы, кийимдин жакшысы деп алты ай бир кийилип катылып жаткан шайы, жибекти эмес, денеге жагымдуу, бүрмөлөп кийгенге бышык деп бөздү эсептейт. Бул саптардан акындын чарбачылыкка жакын, пайда-зыян, жакшы-жаман тууралуу пикири анын оор турмушта, кедей-кембагалдар арсында бой тарканы себептир [2, 13-б.].

Периште ишин оңдогон, кудай колдогон булбул акын эки кылым өткөн соң, көзүн көргөн, үнүн уккан жан калбаган мезгилде да акындын чыгармачылыгы тууралуу чоң сөз болорун туюп, өзүнө өзү мемуар калтырган окшойт деген ой келет.

Мемуардык чыгармалар – калемгердин өз башынан өткөн, өзү күбө болгон окуялары, курчаган адамдар, кесиптештери, ошол коом, турмуш жагдай тууралуу маалымат берген чыгармалар, ошол адамдын көз карашында чагылдырылат. Акын да өз чыгармаларында өзү жашаган коом, ошол жагдай, турмуш, элдин көз карашы, тарыхый окуялар тууралуу маалыматтарды көркөм чеберчилик менен таамай берип жатат. “Аралап көргөн ар жерди, ашы, тою бар жерди, көрүп келген кыйланы, жыйып келген дүйнөнү, далайлардан бата алган, булбул ырчы аталган” эл ырчысы элдин көйгөйүн, элдин жагдайын жакшы түшүнгөн.

Ыр чыгаруу чебердиги жагынан Арстанбек өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү катарында болгон. Өз заманын, ошол учурда болгон бардык окуяларды Арстанбекчелик таамай айтып, даана көрсөткөн чанда гана акындар болгон [3, 145-б.].

Тазабек Саманчиндин бул пикирине кошулуу менен, акындын ошол кокондуктарга карата “көчмөндүү биздин көп кыргыз, көк чапан сартка кор болду, кокондуктун кордугу, ашкере өттү зордугу”, - деп, салык салган, каарына алган эрлерди жарып тынган, ордого кыз алган, кызматына күң алган, “олпоң” деп эгинден да салык алган кокондуктарды шылдыңдап ырдаган төмөнкү саптарын мисалга тартууга болот:

Байыркы бала жаш чакта,
Кызыл өңүм так чакта,
Козуга бала чоң эле,
Сарт кыргызга кор эле,
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле,
Бутундагы өтүгү
Аяк каптан зор эле,
Кончунан чыккан кычысы
Кой тойгондой шор эле [3,105-б.].

Арстанбектин мындай чеберчилик менен ырдаган бардык ырларын мисалга тартууга болот. Элдин булбул деген наамды ыйгарышы да элдин айта турган көкүрөгүндөгү “сөзүн” туя билип, коомдогу жат көрүнүштөргө реакция кылган, маселдери маанилүү, тамашалары сенек сезимди ойготкон, арман ырлары адамдын жүрөгүнө жеткен лирикалуу болгондугунда.

Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашыкча өттү зордугу.
Караколдо сарт ойнойт,
Эриккенде карта ойнойт,
Акча сайып март ойнойт,
Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элиңди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды [3, 105-б.].

Акындын ырларында элдин ой-тилеги чагылдырылып, бейкутчулугу, эркиндиги тууралуу түбөлүк идеялар орун алган. Жаш чагында Кокон хандыгында бир жылдай жүрүп, ордо ырчысы аталып, атактуулукка жетип, сый көрүп, сыйлык алып кайтканына карабастан, Кокон хандыгындагы адам укугун тебелеген ыпылас саясаттарынан көңүлү калгандай. Арстанбектин чыгармалары өз доорунун картинасын, коомдук кырдаалды көз алдыбызга таасын тартат.

Өз доорундагы элдин жүрөгүн өйүгөн, көңүлүн чөгөрүп тынчсыздандырган маселелерди акын ырга айлантып, ошол көйгөйдү чечүүнүн жолдорун издеген. Буга мисал катары Ормон хан өлтүрүлгөндө, Эсенгулдун тукуму бугуну үч айлантып чапмакка камынып калганда сарыбагыштарга карата ырдаган ырын айтсак болот:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар,
Ой, сарбагыш туугандар,
Бугуну үч бүлүнсөң,
Эсенгулдун Ормону
Эми кайдан табылар.
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Эсенгулдун Ормону
Тирилей кайра келчү эмес [3, 90-б.]. Акын уруу чатагынын ырбап кетиши ансыз да “оодарылганы” турган заманда жакшылыкка алып келбесин айра түшүнгөн. Ормон хан шейит кеткен соң бугу элинин башына түшкөн оош-кыйыштуу тагдырды акындын чыгармалары төмөнкүчө баяндайт:

Ормон ханы өлгөндө
Акылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжиян көздөй качканбыз,
Атандын мурду жырылды,
Анжиян качкан бугу эли
Андан бетер кырылды.
Кашкарга кире качкандын
Заманасы куурулган,
Топуракка жуурулган.
Кайра келдик сандалып,
Баш азайып тандалып,
Дагы көрдүк зордукту,
Арылбаган кордукту [2, 24-б.]. Жогорку ыр саптарынан көрүнүп тургандай, бугу-сарбагыш чабышында, кокондуктардын саясатында, орустардын келишинде четте карап турбаган.

Ошол мезгилдеги замандаш, кесиптеш, өнөрлөш акындар тууралуу да табылгыс материалдарды акындын ыр саптарынан кездештирүүгө болот:

Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кексе ырчы,
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу,
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле,
Кызыл тили мурч эле,
Ырчылардын курчу эле,
Оң, сол кыргыз чогулса,
Какшап бир ырдап турчу эле.

Казак, кыргыз аралап,
Эки тилде бипбирдей,
Элирип ырдап жүрчү эле [3, 67-б.]. Эсенаман акындын талантын, ыр куруу чеберчилигин, казак, кыргыз тилинде бирдей төккөн “айтыштын жоргосу” болгонун башка акындардын ыр саптарынан кезиктире албайбыз. Замандашына болгон сый, туура баа берүү десек болот.

Адыгене Нурмолдо
Аят сөзү бир жорго.
Дагы бир тойдо көргөмүн,
Көрүп көңүл бөлгөмүн,
Молдолугу бар экен,
Нур бетинен төгүлгөн,
Сымбаты ашкан жан экен,
Шарияттан шар экен,
Сөз өктөмүн кетирбес
Сүйлөгөнү курч экен.
Пайгамбардын тарыхын
Балкып ырдап турганда
Кол жетпеген мүлк экен [3, 68-б.]. Өтө акындын Жеңижок атка конушуна байланыштуу окуяда акын менен базарда айтышкан айтылуу Нурмолдо акын тууралуу маалымат баарына маалым. Ал эми ошол Женижоктун өнөктөшү Нурмолдо акын тууралуу Арстанбек акындын бул саптары – эң сонун эскерүү.

“Кээ бир акындардын ырлары көбүнчө сезимге гана негизделип, маани жагынан өтө тайкы келет. Арстанбектин ар бир ооз ырынан маани майдай тамчылайт. Кээде Арстанбектин төрт ооз ырынын мааниси өзүнчө бир поэмага тете келет”, - деген Тазабек Саманчиндин пикирине кошулбаска арга жок.

**Адабияттар:**

1. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст] / Б. Кебекова. - Бишкек: Турар, 2009.
2. Кебекова, Б. Арстанбек [Текст] / Б. Кебекова. - Бишкек: Илим, 1994.
3. Арстанбек [Текст] / Жыйнакты түзгөн жана басмага даярдаган Б. Кебекова. - Бишкек, 1994.